

Ысмайыл Кадыров

Жакыпбек Абдылдаев

# САНАКТАР

2020

# САНАКТАР

Ысмайыл Кадыров
Жакыпбек Абдылдаев



КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ

иллюстратор
Айгуль Мадлымбекова

УДК 821.51 – 93
ББК 83.8
К 13

К 13 Кадыров Ы., Абдылдаев Ж.
**САНАКТАР:** Кенже балдар үчүн. /
Иллюстратору А. Мадлымбекова – Б.: «Турар», 2019. – 16 б.

ISBN 978-9967-15-946-4

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com
+996 (312) 298 681

К 4803300100-19

ISBN 978-9967-15-946-4

УДК 821.51 – 93
ББК 83.8
© «Таалим-Форум» КФ, 2019

## Ысмайыл Кадыров



### Көз канча?

Эки кулак –
Добушту угат.
Жалгыз ооз –
Сүйлөп турат.
Көз канча –
Эмне кылат?



## Баары канча?

Уланбек менен Аксана,
Сейил менен Айдана.
Концерт коймой болушту,
Бакчадагы балдарга.

Созолонтуп Уланбек,
Эки жолу ырдады.
Бирден ырдап калганы,
Балдар угуп жыргады.




Айдеми менен Нурдеми,
Аларга келип кошулду.
Бирден алар ырдашып,
Дагы эки ыр созулду.

Канча бала, канча кыз,
Ырдаганы чыгышты?
Калган балдар алардын,
Канча ырын угушту?

## Эмне аз?

Айпери сандыкты ачты,
Алты шуру, алты шакек тапты.
Ойлоно берип таппады,
Шуру азбы же шакек азбы?







## Биз канчабыз?

Биздин үйдө турабыз,
Анда эмесе карайбыз:
Атам, апам, эжем, мен,
Канча киши? Санайбыз.




## Капуста канча?



Алты коён чогулуп,
Тамак жемей болушту.
Капуста таап экиден,
Дал ортого коюшту.
Кана, балдар, ким табат,
Капуста канча? Ким санайт?





## Канча чымчык?

Электрдин зымына,
Эки чымчык конду.
Дагы келип бешөө,
Жети чымчык болду.

Учуп кетип экөөсү,
Бошоп калды орду.
Канча чымчык керек,
Түзүш үчүн онду?



## Канча болот?


Илимбектин китеби үчөө,
Айпериники алты.
Экөөнүкү бириксе,
Канча болот жалпы?



# Эмненин буту көп?

Каздын буту эки,
Козунуку төрт.
Карап туруп айтчы,
Эмненики көп?





Жакыпбек Абдылдаев

## Канча буту калды экен?



«Бутум жок» – деп жылан сойлоп,
Кырк аякка келиптир.
Кырк бутунун жыйырмасын,
Ал жыланга бериптир.

Кырк аяктын боорукерин,
Берешенин карачы.
Жыйырма бутун берип койсо,
Канча калат, саначы?



## Канча козу, канча кой?

Беши кара, төртөө ак,
Койлору бар атамдын.
Козуларын тууганда
Санай албай такалдым.

Үчөө тууса эгизден,
Бирөө тууду үч эмди.
Жалкы туулган козулар
Туулар замат сүт эмди.

Бир кой козу салыптыр,
Калганынын баары аман.
Санай албай жүрөмүн,
Козуларды маараган.

Санак билбес мендейге
Болсун дайым бул – сабак.
Канча козу, канча кой,
Берет мага ким санап?













## Момпосуй

Беш момпосуй Осмондо
Беш момпосуй Бостондо,
Канча болот алардын
Момпосуюн кошкондо? –

Десем мени бир карап
Иним минтип жылмаят:
– Момпосую бар болсо
Осмон, Бостон жыргамак.
Мага бербей жеп алып
Тамшандырып кыйнамак.





КАРА-КОЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ



# САНАКТАР

Текстин жазган: *Ы.Кадыров, Ж.Абдылдаев*
Иллюстратор: *А. Мадлымбекова.*
Дизайнери: *А. Мадлымбекова.*

Заказ № 1986. Нускасы 1064.
«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көчөсү, 1

- 1-класс
  - **1.1 деңгээли**
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

USDA

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MERCY CORPS

Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» Программасынын алкагында басылып чыгып, таркатылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.